Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы кызматына талапкер Абдыкулов Маратбектин 5 жылдык платформасы

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын өнүгүү багыты кафедранын буга чейинки тажрыйбасына негизделип, туруктуу, комплекстүү өнүгүүгө жана ОшМУнун өнүгүү программасын ишке ашырууга активдүү салым кошуусуна багытталган.

Кафедранын негизги максаты эл аралык стандарттарга жооп бере ала турган жогорку квалификациялуу кесипкөй адистерди даярдоо, билим берүү жана илимий ишмердүүлүктү дүйнөлүк академиялык коомчулукка интеграциялоо.

Окуу усулдук иштери

- Азыркы учурда кафедра ишке ашырып жаткан 532300 Кытай таануу, 531100 Лингвистика, 531000 Филология программалары боюнча окутулуп жаткан дисциплиналардын окуу методикалык комплекстердин жаңылоо, сапатын жогорулатуу;
- Кытай тили боюнча окуулук колдонмолорду иштеп чыгууну жандандыруу;
- Кытай тилинен кыргыз тилине адабияттарды которуу иштерин жандандыруу;
- Чет тилдерди окутууда инновациялык технологияларды колдонууну жайылтуу.

Илимий изилдөө иштери

Окутуучулар:

- Заманбап кытай таануу, котормо таануу жана филологиянын актуалдуу меселелерине арналаган илимий практикалык конференцияларды уюштуруу;
- Кафедрада ишке ашырылып жаткан программаларга байланыштуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана жыйынтыгын практика жүзүндө колдонуу;
- Профессордук окутуучулук курамдын арасында публикациялык активдүүлүктү күчөтүү (РИНЦ, Scopus, Web of Science системаларына катталган илимий журналдарга макала чыгаруусуна өбөлгө түзүү);
- “1 окутуучу 1 илимий семинар” иш чарасын уюштуруу;

- Кандидаттык диссертацияларды коргоого алып чыга турган аспиранттардын илимий иштерин кафедрадан апробациядан өткөрүү;
- Профессордук окутуучулук курамдын жергиликтүү жана эл аралык деңгээлдеги конференцияларга катышуусун күчөтүү.

Студенттер:

- Студенттердин илим изилдөө иштерин жандандыруу;
- Студенттер тарабынан жазылган илимий макалаларды басып чыгарууга көмөктөшүү;
- Студенттерди жергиликтүү жана эл аралык конференцияларга катыштыруу.

Кафедра мүчөлөрү менен иш алып баруу

- Кафедранын өнүгүү программасын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн профессордук-окутуучулук курамдын кадрдык потенциалын өнүктүрүү;
- Профессордук окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу максатында жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайларына стажировкага жөнөтүү;
- Профессордук окутуучулук курамды чет тилдерди окутуу методикасы боюнча семинарларга, илимий иш чараларга катыштыруу.

Эл аралык ишмердүүлүгү

- Өнөктөш окуу жайлар менен 2+2 кош дипломдуулук программасын өнүктүрүү;
- Чет элдик ЖОЖдор жана илим изилдөө борборлору менен байланышты күчөтүү, окутуучулар жана студенттер үчүн конок лекцияларды уюштуруу;
- Кыргызстандагы башка жогорку окуу жайлардын 532300 Кытай таануу, 531100 Лингвистика, 531000 Филология программаларын ишке ашырып жаткан кафедралары менен кызматташтыкты күчөтүү;
- Жакынкы жана алыскы чет өлкөдөгү ЖОЖдор менен академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү;
- КЭРдин окуу жайларына 1 жылдык жана 6 айлык тил стажировкаларына студенттерди жөнөтүү.
- **Жумуш берүүчүлөр менен иш алып баруу**
- Билим берүү сапатын жогорулатуу максатында жумуш берүүчүлөр менен болгон кызматташтыкты жакшыртуу;
- Жумуш берүүчүлөр менен жыл сайын тегерек столдорду уюштуруу;

- Практика базаларынын сапатына анализ жүргүзүү жана кеңейтүү;
- Студенттердин теориялык билимдеринин практикада колдонулушун көзөмөлдөө, анализ жүргүзүү жана алынган жыйынтыктын негизинде тиешелүү иш аракеттерди жасоо.

Тарбиялык иштер

- Студенттерди өз адистиги боюнча эң мыкты билим алууга шыктандыруучу мотивациялык иш чараларды уюштуруу (куратордук сааттардын планына кошуу, үлгүлүү бүтүрүүчүлөрдү чакыруу) ;
- Чет тилин, маданиятын үйрөтүү менен бирге башка элдерди сыйлоого үйрөтүү;
- Чет мамлекеттин маданиятын салыштыруу менен студенттердин улуттук идентүүлүк түшүнүгүн калыптандыруу;
- Кыргыз элинин маданий жана руханий баалуулуктарын студенттерге сиңдирүү.

Абдыкулов М.О.